**Атайын педагогика жана психокоррекция кафедрасы**
**Кафедра башчысы: Жапарова З.Т.- п.и.к.,доцент.**

Социалдык педагогика жана психокоррекция кафедрасы 1984-жылдан бери атайын педагогдорду даярдап келе жатат. Кафедра уюшулгандан тартып тажрыйбалуу окутуучулар менен катар ушул күнгө чейин билим берүү жана саламаттык сактоо системаларынын адистештирилген мекемелеринде, клиникалык жана педагогикалык иштерде тажрыйбасы бар жаш окутуучулар эмгектенишет. Негизги көңүл ишмердүүлүккө багыттталган инновациялык мүнөздөгү инфраструктураны жаратууга жана өнүктүрүүгө, атайын билим берүү мекемелери,калыбына келтирүү борборлору,илимий жана саламаттык сактоо мекемелери менен кеңири масштабда кызматташууга бурулат.

Кафедранын окутуучулары Азия өнүктүрүү банкы, Дүйнөлүк банк каржылаган долбоорлор, ЮНИСЕФ, ЮСАИД, Сорос-Кыргызстан, ФЕЦА Эл аралык уюмдарынын долбоорлоруна активдүү катышат. Мындан тышкары Урал мамлекеттик педагогикалык университети, Новосибирск мамлекеттик педагогикалык университети, Конжу улуттук университети (Түшүк Корея) университеттери менен жигердүү Эл аралык кызматташтыкты жүргүзүп келет.

Кафедранын окутуучулары стажировкалардан өтүп, форум, конференцияларга катышып, конференция, семинарларда, тегерек столдордо, ж.б. докладдарды жасашат.

Социалдык педагогика жана психокоррекция кафедрасы Кыргыз Республикасынын бардык атайын билим берүү уюмдары менен кызматташат. Кафедранын базасында республиканын бардык атайын мектептеринин жана бала бакчаларынын педагогдору үчүн квалификацияны жогорулатуу курстары жүргүзүлөт.

**Кафедранын курамы:**

Джапарова З. Б. – кафедра башчысы, п.и.к., доцент;
Быковченко Н.С. – п.и.к., Ардактуу профессор;
Тилекеев К. М. – п..и к., доцент;
Сакимбаева С. Д. – м.и.к., доцент;
Кишикова Н. Д. – м.и.к., доцент;
Аманканова А. Х. – сурдопедагог, ага окутуучу, психология магистри;
Хлудеева И. А. – сурдопедагог, ага окутуучу, педагогика магистри;
Бегимкулова М. И. – дефектолог, окутуучу;
Проценко Л. С. – сурдопедагог, окутуучу;
Кызылжаров А. У. – сурдопедагог, окутуучу.

Кафедра иштеп баштагандан бери миңдеген олигофренопедагогдорду, сурдопедагогдорду, логопеддерди даярдап чыгарды. Биздин бүтүрүүчүлөр

республикадагы атайын адистештирилген бала бакчаларда, мектептерде, калыбына келтирүүчү медициналык борборлордо логопед, психолог, клиникалык психолог кызматында иштеп жатышат. Ошондой эле алыскы жана жакынкы чет өлкөлөрдө да ийгиликтүү эмгектенишүүдө.

Азаркы учурда кафедра “Сурдопедагогика”, “Олигофренопедагогика”, “Логопедия” багыттары боюнча педагогика бакалаврларын жана “Атайын педагогика” адистиги боюнча **магистрлерди даярдап чыгарууда**.